| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК- КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЫСЫК- КӨЛ РАЙОНУ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН |
|---|---|
| ЖУСУП АБДРАХМАНОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ЖУСУП АБДРАХМАНОВА |

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Ысык-Көл району Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин кезектеги 2 сессиясы

# ТОКТОМ

15.04.2024ж. № 2-9 Ананьево а.

**Ананьево айылындагы Больничный кочосүно "Акжол Джамангараев" ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 мыйзамынын 34-беренесинин 17-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтомунун, Кыргыз Республикасынын "Географиялык аталыштар жөнүндө " мыйзамынын 7-беренесин жана Ананьево айылынын тургуну А. **Джамангараевдин** маалыматын, сунушун угуп, талкуулап Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңеши **токтом кылат:**

1. Жусуп Абдрахманов айыл аймагына караштуу Ананьево айылындагы Больничный көчөсүнө «**Акжол Джамангараев** » ысымы ыйгарылсын.

2. Токтомду аткаруу жана тиешелүү кызматтардан (Госрегистр, архитектура, РОВД) каттоо жүргүзүү жагы Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Байгазаковко жана арыз ээси А.Джамангараевке милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы транспорт, курулуш, байланыш, өндүрүш, ишмердикти өнүктүрүү, жер, агрардык реформа жана айыл чарба продукциясын кайра иштетүү боюнча комиссиясына тапшырылсын.

4. Ушул токтомду, каттоо жагы Мамлекеттик укуктук актыларынын реестрине киргизүү үчүн областтык Юстиция башкармалыгына Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин 21.02.2024ж. №28/1-5- токтомунун негизинде мамлекеттик тилде жиберилсин жана ММКда жарыялансын.

**Тораганын орун басары** **А.К.Курманбеков**

*Г.Стамова Жиберилди: Иш кагаздарына -1, айыл өкмөтүнө – 1, облюст.башк.- 2*